Кыргыз Республикасынын
Эмгек, социалдык камсыздоо жана
миграция министрлигинин
2026-жылдын «___» _________ №___
буйругуна 2-тиркеме

**Жеке ишкердин социалдык контрактты ишке ашырууга катышуусу боюнча**
**ПИЛОТТУК ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУНУН СХЕМАСЫ**

**1. АРЫЗ БЕРҮҮ**

Жеке ишкер Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы №385 токтому менен бекитилген «Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө» жобосунда жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2025-жылдын 24-октябрындагы №292 «Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү боюнча методикалык көрсөтмөнү бекитүү жөнүндө» буйругунда каралган механизмге ылайык пилоттук долбоорго катышуу үчүн арыз берет

↓

**2. ТАНДОО**

Талаптарга жана артыкчылыктуу критерийлерге ылайык келүүсүн текшерүү ушул буйрукка, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы №385 токтому менен бекитилген “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө” жобосунда жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2025-жылдын 24-октябрындагы №292 “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү боюнча методикалык көрсөтмөнү бекитүү жөнүндө” буйругунда каралган механизмге ылайык тандоо жүргүзүлөт

↓

**3. БЕКИТҮҮ**

Бизнес-долбоорду бекитүү жана келишим түзүү

↓

**4. РАСМИЙ ЖУМУШСУЗДАРДЫ ТАНДОО**

Бир ишкерге/потенциалдуу иш берүүчүгө 5 адамга чейин расмий жумушсуздарды тандоо

↓

**5. ОКУТУУ**

Зарыл болгон учурда, иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө мыйзамдардын алкагында кесиптик окутуу же ишкердин/иш берүүчүнүн өз каражаттарынын эсебинен өз алдынча окутуу жүргүзүлөт

↓

**6. ЖУМУШКА ОРНОШТУРУУ**

Эмгек келишимин түзүү жана салыктарды, ошондой эле камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө менен расмий жумушка орноштуруу

↓

**7. КАРЖЫЛОО**

Аймактык бөлүм ар бир жумушка орноштурулган социалдык контракттын катышуучусу үчүн 150 000 сомдон төлөп берет.

↓

**8. КАРАЖАТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ**

Ишкер зарыл болгон активдерди өз алдынча сатып алат жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2025-жылдын 24-октябрындагы №292 “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам көрсөтүү боюнча методикалык көрсөтмөнү бекитүү жөнүндө” буйругунда көрсөтүлгөн тастыктоочу документтерди берет.

↓

**9. МОНИТОРИНГ**

Ай сайын аймактык бөлүм, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын техникалык колдоо тобу тарабынан контролдоо жүргүзүлөт.

↓

**10. АЯКТОО**

Натыйжаларга баа берүү. Пилоттук долбоор 70 расмий жумушсуздун/социалдык контракттын катышуучусунун пилоттук долбоор аяктагандан кийин туруктуу жумуш орду болгон учурда ийгиликтүү деп эсептелет.

Ишкер тарабынан келишимдин шарттары бузулган учурда каражаттар республикалык бюджеттин кирешесине кайтарылат.

## Пилоттук долбоордун катышуучуларынын ортосунда келишимдерди/контракттарды түзүүнүн СХЕМАСЫ

